PLITONIT
ЛЕГКО БЫТЬ ПРОФЕССИОНАЛОМ

Plitonit Deutsche Qualität

**PLITOSIL Pro – нымдуу жайлар үчүн кычкыл катуулоочу абдан ийкемдүү санитардык герметик**




Бир курамдуу силикондук, жогорку ийкемдүү санитардык герметик, кычкыл катуулоочу жана козу карынга каршы кошумчалары бар, нымдуулугу жогору режимдеги жайларда, мисалы: ванна бөлмөлөрүндө, чайынма бөлмөлөрдө, санитардык түйүндөрдө, кир жуучу жайларда ж.б. түйүндөрдү (кошулган жерлерди) тыгыздөө үчүн арналган. Механикалык жана/же термикалык бүлүнүүгө дуушар болгон конструкциялардагы бурчтук жана компенсациялык тигиштерди тыгыздоо үчүн. 150% чейинки бүлүнүүгө чыдай алган жана нымдын киришине жол бербеген, бекем жана ошол эле учурда абдан ийкемдүү тигиш түзөт. Жогорку температуралык таасирлерге дуушар болгон негиздерде (жылытылган полдордо) колдонсо болот. Үстүрт катмарлары эскирүүгө дуушар болбогон беттерде плиткалар аралык тигиштерди толтуруучу катары колдонууга жол берилет. Турак жай жана коомдук имараттарды, курулмаларды, анын ичинде окуу-тарбия мекемелерин, балдар, мектепке чейинки, мектеп жана медициналык (дарылоо-алдын алуу жана санаториялык-курорттук мекемелерди кошуп алганда) мекемелерди курууда жана оңдоодо колдонулат.

**Таңгактоо: 280 мл картридж**

- абдан ийкемдүү – бузулбастан 150% чейинки бүлүнүүгө чыдайт
- Көгөрүүнүн жана козу карындын пайда болушуна тоскоолдук кылат
- суюлтуучу каражаттары жок колдонулат
- уксустун негизинде

**Материалдын сарпталышы**

280 мл, 5 мм диаметрдеги тилке менен 11 метрге жетет

**Жумуш аткаруунун шарттары**

Иш жүргүзүлүп жатканда жана андан кийинки 3 сутканын ичинде абанын, негиздин жана плитканын температурасы +5°Стан +30°Ска чейинки аралыкта болушу керек. Эгерде материал тоңдурууга дуушар болгон болсо, аны +10°Стан +25°Ска чейинки бөлмө температурасында 24 саат кармагандан кийин гана колдонууга жол берилет. Эртерээк эритүү максатында ысытууга тыюу салынат.

**Негизди даярдоо**

Герметик сүйкөлө турган негизди кирден жана чаңдан тазалоо, кат-кат болуп жаткан бөлүктөрүн алып салуу, майсыздандыруу жана кургатуу зарыл.

**Иштин тартиби**

Картридждин учун кесип, насадканы бурап кийгизиңиз. Насадканын учунун болжолдонгон тигиштин өлчөмүнө жараша 45° бурч менен кесиңиз. Картриджди өлчөнүүчү тапанчага салыңыз жана тигишти герметик менен бир калыпта толтуруңуз. Артыкча бөлүгүн атайын шпательдин жардамы менен алып салыңыз. Колдонгондон кийин 20 мүнөттөн кечиктирбей, тигишти алсыз самын эритмеси менен нымдап, аны тегиздеңиз. Полимерлешүү атмосферадагы нымдуулуктун таасири астында жүрөт, анын деңгээли 50%дан кем болбошу керек. Полимерленген герметиктин ашыкчасы беттен механикалык жол менен алынып салынат.

**Көңүл буруңуз**

Монтаждалган ийкемдүү туташуунун узак мөөнөттүү бышыктыгы иштердин туура аткарылышына көз каранды. Полимерленген герметик тигиштин четтери менен байланышта болуп, ийкемдүүлүгүн сактайт, ал эми негиз менен байланыш болбошу керек! Сүйкөлүп жаткан герметиктин негиз менен түз тийишпеши үчүн алдын ала тигишке көбүк полиэтиленден жасалган стандарттык чубалгыны салуу керек, ошону менен негиз герметик катмарынан бөлүнөт. Силикон герметиги чубалгынын материалына жабышпайт, бул болсо талап кылынгандай эки тараптан адгезиялык байланыштын болушун камсыз кылат.

Тигиштин туурасы 10 ммге чейин болсо, анын тереңдиги да ошондой болушу керек. Эгер тигиштин туурасы 20 мм чейин болсо, анын тереңдиги 10 мм кем болбошу зарыл. Тигиштин туурасы 20 мм ашса, анын тереңдиги туурасынын ½ бөлүгүн түзүшү керек.

Колдонор алдында табигый таш менен материалдардын шайкештигин сыноо иретинде бир жеринде текшерүү зарыл. Герметиктин бардык түрдөгү бетон, цемент аралашмалары, латунь, жез, цинк, коргошун жана битум камтыган материалдар менен тийишине жол бербөө керек.

**Сактык чаралары**

САК БОЛУҢУЗ

-Жутуп алганда кооптуу.

-Иштөө учурунда кол капты, атайын кийимди жана көздү коргоочу каражаттарды колдонуңуз.

-Иштен кийин колду жана бетти жакшылап жууңуз.

-Өнүмдү колдонууда тамеки тартууга, ичимдик ичүүгө жана тамак-аш колдонууга тыюу салынат.

- Ачык абада же жакшы желдетилген жайда гана колдонуу керек.

-ТЕРИГЕ ТИЙИП КЕТСЕ, көп суу менен жууп салыңыз, эгерде дүүлүгүү басылбаса, медициналык жардамга кайрылыңыз.

-КӨЗГӨ ТИЙГЕНДЕ: Бир нече мүнөт бою суу менен абайлап жууңуз. Эгерде контакттык линзаларды колдонсоңуз жана аны чечүү оңой болсо, линзаны чечип, көздү жууганды улантыңыз. Эгерде көздүн ачышып-кычышканы басылбаса, медициналык жардамга кайрылыңыз.

-БАЛДАР жетпеген жерде сактаңыз!

**Курамы**

суюк силикондук каучук, вулканизациялоочу агент

**Ташуу жана сактоо шарттары**

Механикалык бузулуулардан сактаган жабык транспорт каражаттарында ташыңыз. Өндүрүүчүнүн жабык таңгагында, герметикти бөтөн заттар жок жана жаан-чачындын жаабаган кампа жайларында сактаңыз. +5°Стан +25°Ска чейинки температурада ташуу жана сактоо керек. Өнүмдү абанын терс температурасында (нөлдөн төмөн) да ташууга болот. -35°С температурада тоңдурууга 5 циклден ашык эмес жол берилет. Өндүрүүчүнүн идишинде сактоо мөөнөтү – чыгарылган күндөн тартып 15 ай.

**Өндүрүүчүнүн кепилдиги**

Өндүрүүчү керектөөчү ташуу, сактоо шарттарын жана ушул нускаманын көрсөтмөлөрүн сактаган учурда герметиктин ГОСТ Р 59523-2021 талаптарына шайкештигине кепилдик берет. Материал менен иштөө технологиясы сакталбаса, ошондой эле ал ушул нускамада айтылбаган максаттарда жана шарттарда колдонулса, өндүрүүчү булар үчүн жоопкерчилик тартпайт. Таза салмагынан ГОСТ Р 8.579-2002ге ылайык четтөөгө жол берилет. Өндүрүм жарандык курулуштун бардык түрлөрүндө колдонууга уруксат берилген (Аэфф<370 Бк/кг, НРБ-99/2009 СанПиН 2.6.1.2523–09 боюнча)

**Техникалык мүнөздөмөлөрү**

| | |
|---|---|
| Колдонуу чөйрөсү | ички жана тышкы иштерге ылайыктуу |
| Сунушталган тигиштин туурасы | 5-30 мм |
| Иштөө температурасы | +5°Стан +40°Ска чейин |
| Кызмат температурасы | -45°Стан +150°Ска чейин |
| Чоюлчаактыгы | 150% |
| Суу менен тийүүсү | колдонгондон кийин 24 саат өткөн соң |

**Логистикалык маалымат**

Жеке штрих-коддор:

| | |
|---|---|
| ак | 4607013047525 |
| тунук | 4607013047532 |
| кара | 4607013047563 |
| пилдин сөөгү түстүү | 4607013047570 |
| сүттүү ак | 4607013047587 |
| каймак түстүү | 4607013047594 |
| карамель | 4607013047600 |
| боз | 4607013047617 |
| титан | 4607013047624 |
| ачык боз | 4607013047631 |
| шоколад | 4607013047648 |

Топтук штрих-коддор:

| | |
|---|---|
| ак | 24607013047529 |
| тунук | 24607013047536 |
| кара | 24607013047567 |
| пилдин сөөгү түстүү | 24607013047574 |
| сүттүү ак | 24607013047581 |
| каймак түстүү | 24607013047598 |
| карамель | 24607013047604 |
| боз | 24607013047611 |
| титан | 24607013047628 |
| ачык боз | 24607013047635 |
| шоколад | 24607013047642 |

Кутудагы картридждердин саны: 12 даана

Паллеттеги картридждердин саны: 1776 даана